


Улуу Британиянын
Элчилиги

UNFPA

# ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК:

# ГЛОССАРИЙ

**Дисклеймер: Бул басылма толугу менен маалыматтык мүнөзгө ээ жана 18 жаштагы жана андан өйдөкү жаш курактагы адамдар үчүн арналган.**

## Авторлор

Савия Хасанова – гендердик изилдөөчү жана дата журналист, Кыргызстандагы фемицид көйгөйүн изилдеген алдыңкылардын бири.

Лекс Титова – журналист, сүрөтчү, Кыргызстандагы «Аялдама» коомдук транспорттогу ыдык көрсөтүү долбоорунун автору.

Ушул басылмада билдирилген пикирлер жана көз караштар авторлорго тиешелүү жана алар өкүлчүлүк кылган уюмдардын көз караштарын, же позицияларын милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

## Ыраазычылык

Авторлор гендердик активисттер Лариса Илибезовага, Толкун Тюлековага, Адинай Жапаралиевага, Жанна Араевага жана Светлана Дзардановага глоссарийге карата сунуштарды жана комментарийлерди бергендиги үчүн, ошондой эле басылмага кошуу үчүн бейнелерин берген бардык өнөктөштөргө жана аялдарга ыраазычылык билдиришет.

Өзүнчө ыраазычылык Кыргызстандагы ЮНФПАнын өкүлдөрүнө: Назира Сатывалдыевага жана Зыяда Мавляновага глоссарийди даярдоого көмөк көрсөтүшкөндүктөрү жана стратегиялык жактан коштогондуктары үчүн багытталат.

Сунушталуучу шилтеме: Технологияларды колдонуу менен гендердик зомбулук. Глоссарий (2025). Кыргыз Республикасындагы БУУнун Калк фонду (ЮНФПА).

Улуу Британиянын Элчилиги

UNFPA

Бул басылма БУУнун Калк фонду (ЮНФПА) тарабынан техникалык колдоонун негизинде даярдалды. Бул басылманын мазмуну толугу менен авторлор тобунун жоопкерчилиги болуп саналат жана ЮНФПАнын көз карашын же позициясын сөзсүз түрдө чагылдырбайт.

Бул долбоор эл аралык өнүгүү үчүн Улуу Британия өкмөтүнүн колдоосу менен ишке ашырылууда. Долбоордун алкагында айтылган көз караштар сөзсүз түрдө Улуу Британиянын өкмөтүнүн расмий көз карашын чагылдырбайт.

2025
БИШКЕК

**Салам, урматтуу окурмандар – кыздар жана балдар!**

Санарип технологиялар жана мейкиндиктер дүйнөнү тез өзгөртөт, өнүгүү үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат, билимдердин жана маалыматтардын жеткиликтүү болуусун жайылтат. Технологиялар коомдук процесстерден мурда четтеп калган адамдардын добуштарынын жеткиликтүү болуусуна мүмкүнчүлүк түзөт жана алардын коомдун жашоого катышуусун илгерилетет.

Бирок санариптештирүү мүмкүнчүлүк эле бербестен, ошондой эле тобокелчиликтерди дагы алып келет, ага бардык дүйнө жүзү боюнча миллиондогон аялдар кабылып жатышкан онлайн-зомбулук дагы кирет.

Акыркы изилдөөлөр, Европа жана Борбордук Азия аймагында 18 жаштан өйдөкү жаш-курактагы аялдардын жарымынан көбү өз жашоолорунда санариптик зомбулукка кабылып жатышкандыгын **көрсөтүүдө.** Тактап айтканда, Кыргызстанда сурамжылоого катышкан аялдардын 42% аз эмес бөлүгү, санариптик зомбулуктун кайсы бир формасына эң жок дегенде бир жолу кабылганын **билдиришкен.**

**Ушул глоссарий – Кыргызстанда технологияларды колдонуу менен гендердик зомбулук феноменин түшүнүүгө карата биринчи кадам болуп эсептелет.** Англис тилдүү өлкөлөрдө санариптик технологиялардын тез жайылып жаткандыгын эске алганда, санариптик зомбулуктун көптөгөн формалары англис тилинде аныкталган.

Бул глоссарийдин милдети – кыргыз жана орус тилдериндеги технологияларды колдонуу менен гендердик зомбулуктун эң белгилүү болуп тараган формаларына аныктама берүү, ошондой эле санариптик зомбулук кырдаалдарынын мисалдарын келтирүү. Глоссарийди басып чыгаруу Кыргызстанда зомбулуктун мындай түрү бар экендиги жана таралышы жөнүндө коомдук талкууну баштоого, жыйынтыгында ага каршы аракеттерди көрүүнүн усулдарын иштеп чыгууга арналган.

Айтып кетүүчү маанилүү нерсе, «санариптик зомбулук» же «технологияларды колдонуу менен гендердик зомбулук» термини өлкөнүн мыйзамында жок. Бирок интимдик сүрөттөр же видеолор аркылуу шантаж кылуу сыяктуу зомбулуктун формалары, опузалап акча талап кылуу же порнографиялык материалдарды жайылтуу катары квалификацияланышы мүмкүн. Азыр укук колдонуу тажрыйбасын андан ары адвокациялоо үчүн зомбулуктун бул формасын системалаштыруу зарыл болуп жатат. Айрым сунуштамалар ушул глоссарийде сунушталды.

**Глоссарийди кантип окуу керек:**

Бардык терминдер алфавиттик тартипте жайгаштырылган. Англис тилинен алынган ар бир аныктама сөздүн келип чыгуусуна карата түшүндүрмөнү камтыйт. Зомбулуктун түшүнүү үчүн кыйла татаал айрым формалары башка өлкөлөрдө, Кыргызстанда болуп өткөн реалдуу бейнелерди сүрөттөө аркылуу берилди же интернет мейкиндигинен табылган. Каармандардын (кыз/эркек) айрым ысымдары өзгөртүлдү.

# ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК ДЕГЕН ЭМНЕ?

**Эл аралык деңгээлде жалпы кабыл алынган аныктама**

**Технологияларды колдонуу менен гендердик зомбулук –** адамдын гендеринин негизинде ага каршы маалыматтык-коммуникациялык технологияларды же санариптик жабдууларды толук түрдө же жарым-жартылай колдонуу менен ишке ашырылган, колдоого алынган, татаалдаштырылган жана күчөтүлгөн бир же бир нече адамдар тарабынан жасалган зомбулук актысы (UNFPA 2021).

**Башкача айтканда:**

**Технологияларды колдонуу менен гендердик зомбулук же Санариптик гендердик зомбулук – бул санариптик технологияларды же жабдууларды колдонуу менен кыздардын жана аялдардын үстүнөн жасалган зомбулук.**

Башка бардык зомбулук сыяктуу эле, ал дене бойлук, сексуалдык, психологиялык, социалдык же экономикалык зыянга алып келиши мүмкүн, ошондой эле аялдардын жана кыздардын укуктарын бузуу болуп эсептелет.

**Эмне үчүн биз бардык көңүлдү аялдарга жана кыздарга бурабыз?**

Технологияны колдонуу менен зомбулук ар бир адамды кыйгап өтүүсү мүмкүн. Бирок, аялдардын жүрүм-турумун жана коомдук кабыл алууну жөнгө салган катаал гендердик ченемдерди эске алганда, санариптик зомбулуктун көптөгөн формалары максаттуу түрдө аялдарга жана кыздарга багытталган.

Сексуалдашкан ыдык көрсөтүү, куугунтуктоо, макулдугу жок түрдө интимдик сүрөттөрдү жана видеолорду таратуу – аялдар жана кыздар кабылып жатышкан санариптик зомбулуктун *эң кеңири тараган* формалары. Аларды кемсинтүүсү, адепсиз билдирүүлөр менен каптап кетүүсү, жашоосун санариптик тозокко айлантып куугунтуктоосу мүмкүн, ал тургай бул адатта офлайн түрдөгү ушундай аракеттерге дагы өтүп кетет.

Изилдөөлөрдүн бирөөсүндө санариптик зомбулукту башынан кечирген 35 жашка чейинки жаш аялдардын арасынан ар бир үчүнчүсү онлайн түрүндө сексуалдашкан ыдык көрсөтүүгө *кабылган*, ал эми, ошол эле учурда эркектердин арасында болсо он эркектин ичинен болгону бирөөсү гана туш болгон.

2023-жылы Кыргыз Республикасында Акыйкатчы (Омбудсмен) тарабынан *жүргүзүлгөн* сурамжылоо аялдарга интернет аркылуу болжол менен 20% сексуалдык өңүттөгү тамашаларды, сүрөттөрдү жана эмодзилерди жазышарын, ал эми 16% өмүрүнө кол салууга чейин коркуткан мүнөздөгү билдирүүлөргө туш болушарын көрсөттү.

**Эмне үчүн биз «сексуалдашкан» деп айтып жатабыз?**

«Сексуалдашкан» деген сөз турукташып – «өзүнө тартып туруучу, кызыктыруучу, жагымдуу» сыяктуу оң мааниге ээ болуп калган жана эң негизги «зомбулук» деген сөздөн алаксытып турушу *мүмкүн.* Мындан тышкары, мындай зомбулуктун сексуалдык каалоону ишке ашыруу менен эч кандай байланышы жок – бул бийликти жана көзөмөлдү тастыктоонун бир жолу.

# ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУКТУН ФОРМАЛАРЫНЫН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ*

### Ыдык көрсөтүү жана интернет-кодулоо:

- Интернеттеги кибербуллинг жана мизогиния
- Онлайн ыдык көрсөтүү
- Слатшейминг
- Онлайн сексуалдашкан ыдык көрсөтүү

### Маалыматтын жеткиликтүүлүгүнө жана фейктерге байланыштуу:

- Доксинг
- Өзүн аял катары көрсөтүү (имперсонация) жана кэтфишинг
- Хакерлик
- Жаманатты кылуу

### Сүрөттөр менен байланыштуу:

- Азгырма жалдоо (вебкам)
- Сүрөттүн/видеонун негизиндеги зомбулук
- Сүрөттүн жана видеонун негизиндеги сексуалдашкан зомбулук: апскертинг, дипфейктер, киберфлешинг порно өч алуу
- Сексуалдашкан опузалап талап кылуу (секторция)

### Жабдуулар жана тиркемелер менен байланыштуу:

- Киберсталкинг
- Санариптик көзөмөлдөө
- Зумбомбинг

*Кабыл алууну жеңилдетүү үчүн шарттуу классификация.
Зомбулуктун формаларынын көбү бири экинчиси менен кесилишет.

# САНАРИПТИК ГЕНДЕРДИК ЗОМБУЛУК Адан Яга ЧЕЙИН

## АЗГЫРМА ЖАЛДОО

адамды кандайдыр бир мыйзамсыз, кооптуу же эксплуатациялоочу ишмердүүлүккө катышууга алдоо жолу менен ишендирүү үчүн технологияларды колдонуу.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- социалдык түйүндөр жана мессенджерлер аркылуу;
- фейк вакансиялар аркылуу;
- онлайн-таанышуулар аркылуу;
- оюн ойноочу платформалар аркылуу.

"

*Нургүл 18 жашында медициналык факультетке тапшырган жана Нарындан келип Бишкекке жашап калган. Ал өмүр бою дарыгер болууну кыялданчу. Бирок студенттик жашоо оор болду, акчага дайыма зарылчу. Бир жолу интернеттен кошумча акча табуу жөнүндө жарыяга Нургүлдүн көзү түштү: «Психологиялык жардам көрсөтүү үчүн кыздар талап кылынат».*

*Ага аңгемелешүүдөн өтүүнү «Орто-сай базарынын аймагы» тарапка белгилешти. Маектешүү учурунда потенциалдуу түрдөгү жалдоочу аял иштөө шарттары жөнүндө айтып берди – чет жердик жарандар менен видео аркылуу сүйлөшүү жана аларга моралдык колдоо көрсөтүү керек экен, эмгек акысын ар бир сеанс үчүн алат экен.*

*Буга кошумчалап, жумуш берүүчү аял Нургүлдөн анын паспорттунун түп нускасын сурады, ал муну жабдууларды уурдаган учурлар болгон жана паспорт кепилдик катары каралат деп түшүндүрүмүш болду. Нургүл ал жерден жакшы эмес бир нерсени сезип кайтты жана кийинки күнү «жумушка» келген жок. Көрсө, ал «жумуш берүүчү аял» кыздарды* ***вебкамга*** *азгыруу жолу менен жалдачу экен.* "

## АПСКЁРТИНГ

(англ. тилинен «up» – жогору «skirt» – юбка) – аялдын же кыздын макулдугусуз алардын юбкасы же көйнөгү астынан сүрөткө же видеого тартуу.

## ВЕБКАМ

(англ. тилинен «web» – түйүн жана «cam» (camera) – камера) – видео байланыштан сүйлөшүүнүн негизинде түзүлгөн интернеттен акча табуунун каражаты. Эрежеге ылайык, сексуалдашкан эксплуатациялоо жана кыздын интимдик сүрөттөрүн алмашуу менен коштолот.

## ГРУМИНГ

(англ. тилинен «groom» – махабаттык мамиле жасоо) – бул чоң адамдын көбүнчө сексуалдашкан максатта андан ары аны колдонуу үчүн интернет аркылуу бала менен же эмоционалдык жактан аярлуу адам менен жакындашуусу.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- жазышуу үчүн бир нече аккаунт түзүшөт жана чоочун же жасалма сүрөттү колдонушат;
- ишенимге киришет, угушат, «баарын түшүнүшөт», «баланын чоң адамдай экенине суктанышат»;
- оюндарда онлайн белектерди, жазылууларды, донаттарды беришет;
- интимдик сүрөттөрдү сурашат, ата-энесинен жашыруун түрдө офлайн түрүндө жолугушууга түртүшөт.

## ДИКПИК

(англ. тилинен «dick» – эркектин жыныстык органы жана «pic» – сүрөт, фотография) – эркектер тарабынан аялдарга алардын макулдугусуз жибериле берүүчү эркектин жыныстык органынын электрондук сүрөтү.

## ДИПФЕЙК

(англ. тилинен «deep learning» – терендетилген машиналык окутуу «fake» – жасалма нерсе, жасалмалуулук) – жасалма интеллекттин куралдарын колдонуу менен иштелип чыккан, макулдашуусуз жасалган сексуалдашкан сүрөттөр.

## ДОКСИНГ

(англ. тилинен «docs» – кийинчерээк «doxxing» терминине трансформацияланган документтер) – бул жеке маалыматтарды макулдугун албастан ачыкка чыгаруу.

Доксинг жеке маалыматтарды коомчулукка ачыкка чыгарууну камтыйт, мисалы, жашаган үйүнүн же иштеген жеринин дарегин, телефон номурларын ж.б. ачыкка чыгаруу, таратуу.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- жеке инсандын өздүгүн ачыкка чыгарып салуу аркылуу;
- физикалык түрүндө кайсы жерде тургандыгы жөнүндө маалыматты ачыкка чыгарып салуу аркылуу;
- аброюна шек келтирүү, уят кылуу жана басынтуу максатында жеке маалыматтарын ачыкка чыгаруу аркылуу.

"

*Айдай интернеттен бир жигит менен таанышат, андан соң алар бир нече жолу жолугушууга барып келишет. Нурлан Айдайга жагып калат – ал абийирдүү жана камкор жигит болуп көрүнду.*

*Жолугушуулардын бирөөсүндө Нурлан кызга өтө жакын болууну сунуштады, бирок кыз олуттуу мамиле баштоого даяр эмес эле, ал ага бул жөнүндө айтты. Бир нече күн өткөндөн кийин Нурлан Айдайды кафеден башка жигит менен чогуу көрүп калды, бул анын катуу ачуусун келтирди.*

*Кыздын баш тартканын кабыл алгысы келбей, ал андан өч алууну чечти. Нурлан анын сүрөтүн, окуган жерин жана телефон номурун Телеграммга жарыялаган, бул маалыматты кемсинтүүлөр менен коштогон. Мындан соң, Айдайга орунсуз сунуштардан жана коркутуулардан турган билдирүүлөр келип баштаган.* "

## ЖАМАНАТТЫ КЫЛУУ

бул онлайн-мейкиндикте адамдын репутациясына зыян алып келүүчү жалган маалыматты ачык таратуу.

"

*Асел өмүр бою спорт менен машыгууну жакшы көрчү, акыркы убакта бокс менен машыкчу. Ал залда Мурат менен таанышкан эле – ал анын тренери болчу. Башында алардын ортосунда кесипкөйлүк гана мамиле болгон, кийинчирээк болсо Асел жана Мурат жолугушуп баштashты.*

*Кайсы бир учурда Мурат Аселдин бокс менен машыгуусуна тыюу салып баштады, ал өзүнө спорттун кыйла «аялдарга ылайыктуу» түрүн тандоону каалап баштады.*

*Кыз буга макул болгон жок жана Мурат анын спорт менен машыгуусуна гана тыюу салып тим болбостон, ал тургай үйдөн чыгуусуна дагы тыюу салганга өттү. Жыйынтыгында Асел бул жигит менен мамилени токтотту.*

*Бир жума өткөн соң, Аселдин достору Фейсбуктагы постту жиберишти. Анда Мурат Асел жөнүндө «эскорттогу жеңил жеткиликтүү кыз, ар бир кызмат көрсөтүүсү үчүн 5 миң сомдон 10 миң сомго чейин алат»-деп айткан. Асел адвокаттарды жалдады жана милицияга арыз жазды.*

"

## ЗУМБОМБИНГ

(англ. тилинен «Zoom» – видеоконференция платформасынын аталышы боюнча жана «bombing» – бомбалоо) – бул видео аркылуу чалууга же онлайн-конференцияга чоочун адамдардын кирип кетүүсү.

Бул жолугушууну үзгүлтүккө учуратуу үчүн, адепсиз же таң калтырган контентти, мисалы, порнографияны, сексисттик же башка кемсинтүүчү билдирүүлөрдү жайылтуу үчүн жасалат.

## ИНТЕРНЕТ МЕЙКИНДИГИНДЕ АЯЛДАРДЫ ЖЕК КӨРҮҮ МЕНЕН АЙТЫЛГАН ПИКИРЛЕР ЖЕ КАСТЫК ТИЛИ

аялдарга карата жек көрүүнү, касташууну, этибарсыз мамилени же басмырлоону билдирген видеолор, посттор, билдирүүлөр же комментарийлер.

Стереотиптерди, зомбулуктуу коркутууларды же эркектердин жана аялдардын ортосундагы тең укуксуздукту актоо аркылуу билдирилиши мүмкүн.

"

*Чоң аудиториясы бар блогер өз видеолорунда мизогинисттик көз караштарды туруктуу түрдө жайылтып келүүдө. Анын пикири боюнча, аялдардын жашоодогу жалгыз милдети – эркектер үчүн жагымдуу объект болуу.*

*Бул аялды жеке адам, инсан катары кадыр-баркын тебелеген ачык түрдөгү өтө басмырлоочу билдирүү болуп эсептелет.*

"

## КИБЕРБУЛЛИНГ, ИНТЕРНЕТ-КОДУЛОО

(англ. тилинен «cyber» – кибер жана «bullying» – буллинг, кодулоо) – бул адамды электрондук каттардын жардамы менен социалдык түйүндөрдө, мессенджерлерде кодулоонун же агрессивдүү түрдө куугунтуктоонун формасы.

Кибербуллингде санариптик зомбулуктун көптөгөн ыкмалары колдонулат: ачык мүнөздө жалаа жабуу, жеке маалыматтарды ачыкка чыгаруу, фейк аккаунттарды түзүү ж.б.

## КИБЕРСТАЛКИНГ

бул адамды технологиялардын жардамы менен реалдуу убакыт режиминде болобу, же интернеттеги мурунку активдүүлүгү жөнүндө маалымат топтоо аркылуу болобу көзөмөлдөө.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- мобилдик телефонду көзөмөлдөө;
- gps-трекерлердин жардамы менен аңдуу;
- чалууларды, электрондук даректерди, билдирүүлөрдү, файлдарды текшерүү;
- социалдык түйүндөрдөгү профилдерин аңдуу.

"

*Алина жигити менен жарым жылдан ашык убакыт мурун эле сүйлөшпөй калган. Сүйлөшпөй калганына карабай, Айбек дайыма ага билдирүүлөрдү жибере берчү жана убакыт өткөн сайын **киберсталкинг** менен алектене баштады.*

*Ал Алина өзүнүн Инстаграм аккаунтунда жарыялаган даректердин геотегин көзөмөлдөөгө өткөн. Андан соң, ал анын үй-бүлөсүнө кемсинтүүчү билдирүүлөрдү жазуу үчүн, профилдердеги бөлүшүүлөрдүн негизинде Алинанын туугандарынын аккаунттарын аныктап алган.*

*Натыйжада, Алина Айбекти бардык социалдык түйүндөрдөн кулпулаган, бирок бул аны токтоткон жок жана ал өзүнүн киберкуугунтуктоосун улантуу үчүн фейк профилдерди ачууга өткөн.*

"

## КИБЕРФЛЕШИНГ

(англ. тилинен «cyber» – кибер жана «flashing» – эксгибиционизм) – өзүнүн гениталийлеринин жагымсыз сүрөттөрүн жиберүү (мисалы, дикпиктер).

## КРИПШОТ

(англ. тилинен «creep» – урданып кирүү же үрөй учурган, кызыктай жана «shot» – сүрөт, кадр) – бул адамдын макулдугусуз жашыруун түрдө тартылган, көп учурда сексуалдашкан же басынткан текст менен коштолгон сүрөт. Крипшоттун түрлөрүнүн бирөөсү – апскёртинг.

## КЭТФИШИНГ

(англ. тилинен «catfish» – сом, балыктын бир түрү. Бул термин интернеттеги алдоо жөнүндө баяндаган «Catfish» документалдык тасмасы чыккандан кийин колдонула баштаган) – алдамчылыктын формасы, анда башка чоочун эле адамдардын сүрөттөрүн жана ойдон чыгарылган бейнесин, анын ичинде жумушу, достору жана жашоо тажрыйбасы жөнүндө кенен баяндаган окуяларды колдонуу  аркылуу социалдык түйүндөрдө жасалма инсан пайда болот.

Максаты – белектерди, акча же интимдик сүрөттөрдү талап кылуу үчүн адамды онлайн-мамилелердин бар экендигине ишендирүү.

## ОНЛАЙН ЫДЫК КӨРСӨТҮҮ

санариптик зомбулуктун кеңири тараган формаларынын бири, мында аял менен бир нече жолу байланышуу, кыжырына тийүү, коркутуу же үшүн алуу үчүн технологияларды колдонушат.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- таңууланган тынымсыз чалуулар жана үн коштолгон билдирүүлөр;
- дайыма туруктуу түрдө жиберилген билдирүүлөр жана имейлдер;
- социалдык түйүндөрдө адамды белгилөө (теги кылуу) жана таңууланган тажатма комментарийлер.

"

*Айжамал жана Нурбек 2023-жылы ажырашышкан. Башында Нурбек ажырашууга каршы эмес болчу, бирок жарым жыл өткөндөн кийин Нурбек Айжамалсыз жашай албайм деп чечкен.*

*Ал аялга элдешүүнү сунуштаган, бирок ал баш тарткан. Нурбек бул баш тартууну кабыл алган эмес жана Айжамалга ага кайтып келүүсүн суранган билдирүүлөрдү жөнөтө баштаган.*

*Андан соң ал ага күн сайын үн коштогон билдирүүлөрдү жөнөтүүнү жана бир нече жолу чалганды адатка айландырып алган. Ошондой эле бул аракеттери менен кыздын жашоосун азапка салган.*

"

## ОНЛАЙН СЕКСУАЛДАШКАН ЫДЫК КӨРСӨТҮҮ

бул онлайн-зомбулуктун бир формасы, ал сексуалдык мүнөздөгү сунуштар, секс жөнүндө сүйлөшүүнү суранруу, онлайн түрүндө кандайдыр бир сексуалдык нерсени жасоого суранруу түрүндө билдирилет. Ыдык көрсөтүүнүн мындай түрүнө секстингге мажбурлоо кирет.

## ӨЗҮН АЯЛ КАТАРЫ КӨРСӨТҮҮ

(англ. тилинен «impersonation») – бул интернетте же кандайдыр бир тиркемелердин жардамы аркылуу аялды коркутуу же анын абройуна шек келтирүү максатында анын жеке бейнесин (инсандыгын) уурдоо процесси.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- социалдык түйүндөрдө фейк-аккаунттарды ачуу аркылуу;
- электрондук каттарды же билдирүүлөрдү жиберүү аркылуу;
- электрондук документтерди жасалма түрдө жасоо жолу аркылуу;
- өзүн көрүүсү начар, угуусу начар же сүйлөөсүндө майыптыгы бар адамдар катары көрсөтүү аркылуу.

"

*2024-жылы форумдардын биреөсүнүн колдонуучусу пост **жарыялаган** (пунктуация жана орфография жарым-жартылай сакталган):*

*«Кутман кечиңиздер менен! Кеңеш берүү аркылуу жардам кылыңыздарчы, суранам. Жигитим менен мамилени токтоттук, анткени ал мени өтө ашыкча көзөмөлдөп баштады, болжолу менен жарым жылдай жолугуштук.*

*Эки күн мурун ал мага бир шилтемени ыргытты, көрсө менин ысымымды, өзүнүн фамилиясын жазып, ВКда профиль түзүптүр жана мени ага күйөөгө чыккан деген статус коюп коюптур.*

*Туулган жылым, айым, күнүм жана сүрөттөр меники, аларды ал бир гана менден алган эмес (алардын ичинде ойноок мүнөздөгү мазмундагылары да бар, бирок жылаңач сүрөттөр эмес), бирок муну менен катар эле менин социалдык түйүндөрдөгү башка сүрөттөрүмдү дагы көчүрүп алыптыр. Коркунучуу (Эми эмне кылсам болот?).*

"

## ПОРНО ӨЧ АЛУУ

(англ.тилинен «revenge» – өч алуу жана «porn» – порно) – бул көп учурда мурунку аялынан, сүйгөн кызынан, дос кызынан өч алуу, басынтуу же кемсинтүү максатында өнөктөштөрдүн интимдик сүрөттөрүн же видеолорун таратуу.

## САНАРИПТИК КӨЗӨМӨЛДӨӨ

бул өнөктөштөр гаджеттерди, тиркемелерди жана башка санариптик жабдууларды колдонууну көзөмөлдөгөн кырдаалдар.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- телефондордун жана карталардын сыр сөздөрүн жана пин-коддорун алдоо жолу менен алуу же берүүгө мажбурлоо;
- онлайн-аккаунттарга уруксатсыз кирүү;
- дене бойлук көзөмөлдөө аркылуу жабдууларды колдонууну чектөө;
- жабууларды мажбурлоо жолу менен текшерүү.

## СЕКСТИНГ

(англ. тилинен «sex» – секс жана «texting» – текст түрүндөгү билдирүүлөрдү алмашуу) – бул санариптик жабдуу аркылуу интимдик билдирүүлөрдү, сүрөттөрдү же сексуалдык мазмундагы видеолорду алмашуу.

Секстингге мажбурлоо - сексуалдашкан ыдык көрсөтүүнүн онлайн түрү, бул эки тараптын бирдей макулдугу жок жана ыктыярдуу эмес болгон процесс.

## СЕКСУАЛДАШКАН ОПУЗАЛАП ТАЛАП КЫЛУУ

(секторция же секторшн, англ. тилинен «sex» – секс жана «extortion» – опузалап талап кылуу) – интимдик сүрөттөрүн же купуялуу маалыматтарды ачыкка чыгара тургандыгы жөнүндө коркутуу аркылуу сексуалдык активдүүлүккө мажбурлоо же опузалап акча талап кылуу.

Секторшнго ошондой эле «секс-паракорчулук» дагы кирет, бул мисалы, жетекчи жумуштан кетирүү менен коркутуп интимдик сүрөттөрдү талап кылган учурлар.

"

*Тааныш адам ага суусундук ичирип, анын себебинен улам ал эсин жоготкон окуя болгондо Алтынай 20 жашта болчу Ал аны зордуктаган жана жыланач абалда видеого тартып алган. Андан кийин ал аны шантаж кылып баштаган, аны өзүнө келүүгө мажбурлаган жана узак убакытка чейин аны зордуктап жүргөн.*

*Кыз бир жолу өзүнүн бардык күчүн топтоп, мындан баш тарткан. Зордукчу өч алуунун жолу катары аны менен тартылган видеону Youtubeга койгон.*

*Эбегейсиз психологиялык жана дене бойлук стресстен жабыркагандыктан туруштук бере албай, кыз өз өмүрүнө кол салууга аракет кылган. Алтынай тирүү калган жана милицияга арыз жазган.*

"

## СЛАТШЕЙМИНГ

(англ. тилинен «slut» – «бузулган аял» дегенди түшүндүргөн адепсиз сөз жана «shaming» – уяткаруу) – бул зомбулуктун, анын ичинде кибербуллингдин же интернет-кодулоонун формасы, буга ылайык аялдарды ашыкча сексуалдашкан сырткы келбети үчүн, же өзүнүн сексуалдуулугун билдирүүгө аракеттенгени үчүн айыпташат.

## СҮРӨТТҮН/ВИДЕОНУН НЕГИЗИНДЕГИ ЗОМБУЛУК

сүрөттөрдү мажбурлоо, коркутуу, ыдык көрсөтүү же зомбулук үчүн колдонуу.

Зомбулуктун бул формасы сүрөттүн/видеонун негизиндеги сексуалдашкан зомбулуктан, андагы сүрөттөр сөзсүз түрдө эле интимдик же ачык болуусу шарт эмес экендиги менен айырмаланып турат.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- дааратканадан же кийим алмаштыруучу жайдан жашыруун түрдө тартып алуу аркылуу;
- жагымсыз абалга калтыруучу кырдаалдардагы сүрөттөрдү жарыялоо аркылуу (мисалы, мас абалындагы);
- фейк сүрөттөрдү түзүү аркылуу;
- аккаунттарды бузуп кирүү жана жеке сүрөттөрдү тараптып жиберүү аркылуу.

## СҮРӨТТҮН/ВИДЕОНУН НЕГИЗИНДЕГИ СЕКСУАЛДАШКАН ЗОМБУЛУК

сүрөттөргө негизделген сексуалдашкан зомбулук, ал эң минималдуу дегенде кийинки үч аракеттин бирөөсүн камтыйт: ачык сүрөттөрдү макулдугусуз тартуу, жайылтам деп коркутуу же түздөн түз таратуу, буга адамдын макулдугусуз же ага билгизбестен сексуалдашкан мааниде сүрөткө тартуу же видеого тартуу дагы кирет.

Санариптик зомбулуктун бул формасына ошондой эле апскёртинг, крипшот, киберфлешинг, дипфейктер, порно өч алуу кирет.

## ТРАФФИКИНГ ЖЕ АДАМДАРДЫ ОНЛАЙН-САТУУ

(англ. тилинен «human» – адам жана «trafficking» – сатуу) – бул интернетти азгырып жалдоо, көзөмөлдөө, жашаган жерин алмаштыруу үчүн жана адамдарды эксплуатациялоодон пайда табуу үчүн колдонуу процесси, мисалы, мажбурлоочу сойкулук же порнография үчүн.

## ХАКЕРЛИК

бул кылмышкерлер жеке маалыматтарды алуу, көрсөткүчтөрдү өзгөртүү же модификациялоо үчүн, ошондой эле аялдарды жана/же гендердик уюмдарды дискредитациялоо үчүн онлайн тутумдардын жеткиликтүүлүгүнө мыйзамсыз түрдө ээ болгон процесс.

### КАНДАЙЧА ИШКЕ АШЫРЫЛАТ:

- компьютерлерди же мобилдик телефондорду бузуп кирүү аркылуу;
- электрондук даректерди же социалдык түйүндөрдөгү аккаунттарды бузуп кирүү аркылуу;
- банктык эсептердин жеткиликтүүлүгүнө ээ болуу аркылуу.

"

*2021-жылы Эл аралык аялдар күнүнө карата маршптан кийинки бир суткадан соң, хакерлер Азербайжандык феминист кыздын аккаунтун бузушкан. Активисттин аккаунтунан жасалма жазышуулардын жана порнографиялык мүнөздөгү материалдардын скриншотторун таратышкан.*

"

# САНАРИПТИК ЗОМБУЛУКТУ КАНТИП ТААНУУ КЕРЕК: КЫЗЫЛ ЖЕЛЕКЧЕЛЕР

Эгерде өнөктөш:

- аял кимге чалып жаткандыгын аңдыйт жана анын интернеттеги жазышууларын көзөмөлгө алат;
- ал кимге катталуу жана ага ким катталуу экендигин суракка алат, лайктарды жана реакцияларды көзөмөлдөп турат;
- социалдык түйүндөрдүн жана электрондук даректердин сыр сөздөрүн талап кылат;
- телефондордун, тиркемелердин, банктык карталардын жана онлайн-банктык карталардын ПИН-коддорун талап кылат;
- бразуердин тарыхын көзөмөлгө алат;
- өнөктөш аялынын жашоосуна жана жумушуна зарыл болгон санариптик жабдууларды колдонуусун чектейт (мисалы, угуу аппараты, наушниктер, компьютер), машиненин ачкычын катып коёт, тиркемелердин иштөөсүнө киришет.

... анда аялдын үстүнөн санариптик зомбулук жасалат.

## ЭГЕРДЕ СИЗ ЖАНА СИЗДИН ЖАКЫНДАРЫҢЫЗ САНАРИПТИК ЗОМБУЛУККА КАБЫЛЫШСА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

! Эң биринчи кезекте аны таануу керек – кээде бул татаал болот.

! Эч кечиктирбестен ыкчам түрдө жазышуулардын скриншотун жасаңыз, аны аккаунттун кожоюнунун ысымы же номуру көрүнүп тургандай кылып жасаңыз. Видеону жана сүрөттү жүктөп алыңыз.

! Юристтерге кайрылыңыз жана милицияга арыз жазыңыз. Эгерде сизге шантаж жасап жатса, интимдик сүрөттөрдү же видеолорду таратып жатса, сиздин жеке маалыматтарыңызды жана жазышууларыңызды ачыкка чыгарып жарыялап жатса, же кандайдыр бир аракеттерге мажбурлап жатса – мунун баары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде каралуусу мүмкүн.

КР Кылмыш-жаза кодексинин 190,193, 208-беренелери жеке жашоонун кол тийбестигин бузуу, кат алышуу купуялыгын бузуу жана опузалап талап кылуу үчүн айып пул же эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жаза караштырылат.

КР Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 107-1-беренеси интернетте жалаа жабуу жана мазактоо үчүн айып пул салууну караштырат. Ушул элек кодекстин 109, 109-1-беренелери порнографияны жайылткандыгы жана вебкам-студияларды иштеткендиги үчүн жазалоо чараларын жөнгө салат, ага ылайык бул мыйзам бузуулар үчүн айып пул салуу караштырылган.

КР Жарандык кодексинин 18-20-беренелери ар-намысын, кадыр-баркын жана ишкердик беделин коргоо жөнүндө белгилейт, ошондой эле адамдын жеке турмушунун сырын коргоо укугун караштырат.

КР Санарип кодекси жасалма интеллекти колдонууну жөнгө салган бир нече беренелерди камтыйт, ага аны мыйзамсыз колдонгондугу үчүн жоопкерчилик дагы караштырылган.

## САНАРИПТИК ГИГИЕНА

### МААЛЫМАТТАРДЫН КООПСУЗДУГУ

- ✓ Өзүңүздүн гаджеттериңизге жана аккаунттарыңызга ишенимдүү жана татаал сыр сөздөрдү коюңуз. Сыр сөздөр менеджерин колдонуңуз.
- ✓ Face ID колдонбогонго аракет кылыңыз – код түрүндөгү мындай сыр сөз сыяктуу коопсуз эмес.
- ✓ Социалдык түйүндөрдөгү аккаунттарыңызга, электрондук почтаңызга жана башка маанилүү тиркемелерге эки факторлуу аутентификацияны орнотуңуз.
- ✓ Күмөн саноону пайда кылган шилтемелер боюнча өтпөңүз.
- ✓ Сизге билдирүү жазып жаткан аккаунттардын түп нускасын кайра текшериңиз, ал тургай, мейли бул сиздин таанышыңыздын же жакын адамыңыздын жаңы профили сыяктуу сезилип жатса дагы текшериңиз.

### ПСИХОЛОГИЯЛЫК ДЕН СООЛУК

- ✓ Онлайн жана офлайн жашоонун ортосундагы тең салмактуулукту сактаңыз.
- ✓ Тааныш эмес адамдар тарабынан коюлган лайктарга, билдирүүлөргө жана хейттерге өтө сынчыл мамиле жасаңыз.
- ✓ Эмнени, кайсы жерге жарыялап чыгарып жатканыңызга аң-сезимдүү мамиле кылыңыз. Эгерде сиз өзүңүздүн сүрөтүңүз же видеолоруңуз кайра өзүңүзгө каршы колдонулбай тургандыгына ишенимдүү эмес болсоңуз, ачык сүрөтүңүздү коомчулукка жарыялабаңыз.
- ✓ Эгерде интимдик сүрөтүңүздү акыры бирөөгө жиберүүнү же жарыялоону кааласаңыз, анда ал сүрөттө жүзүңүз көрүнүп калган жокпу, же сизди таанып билип алууга мүмкүн болгон денеңиздеги башка элементтер түшүп калган жокпу текшерип чыгыңыз (денедеги сүрөт (татуировка), тырыктар, денедеги тубаса тактар).